Жыл тогошордогу собол

## Ректор, профессордон салым

# Окуу жайда Сизди кубанткан жакшылыктар?



**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор Себахаттин Балжы:**

– 2016-жылы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ийгиликтери, Кыргызстандагы эң алдыңкы жогорку окуу жайлардын катарында болушу, интернационалдаштыруу жаатында жетишкендиктери зоболобузду көтөрүп, кубаныч тартуулады.

Азыркы учурда Борбордук Азия университеттер ассоциациясына төрагалык кызматы мага жүктөлгөн. Мындан ары да окуу жайдын Орхон процессине кошкон олуттуу салымын арттырууга, Түрк дүйнөсүнүн билим берүү тармагында көрсөткөн кызматтарын өнүктүрүүгө аракетибиз арта бермекчи.

Келаткан жылда Түрк дүйнөсүнүн элин, жалпы эле кыргызстандыктарды жаңы жылы менен куттуктап, ден соолук, бардарчылык, жакшылыктарды каалап кетмекчимин.

Жыл тогошордогу собол

## Башкы доктурдан ден соолук

# Жылды кантип жыйынтыктадыңыз?



**Саламаттыкты сактоо министри Талантбек БАТЫРАЛИЕВ:**

– Жалпы бардыгыңыздарды кирип келген Жаңы жылыңыздар менен куттуктап, өлкөбүздүн башкы доктуру катары ар бириңиздерге чың ден соолук, үй-бүлөдөгү ынтымак-ырашкерлик каалап кетүүгө уруксат этиңиздер. Албетте, мага берилген мындай учурдан пайдаланып, бүтүндөй эмгек жолун адамдардын өмүрүн сактоо өңдүү ардактуу кесип менен байланыштырган ак халатчан кесиптештеримди дагы чын дилимден куттуктап кетким келет!

Жыл жаңырып жаткан учурда мен Саламаттык сактоо министрлигинин негизги жыйынтыктарына бир аз токтолоюн. Узап бараткан жылы тармак ичинде түзүмдүк өзгөрүүлөр болуп өттү жана ал медициналык-санитардык жардамдын натыйжалуулугун арттырууга багытталды. Тагыраак айтканда материалдык-техникалык база жакшыртылып, эмдөө жүргүзүүчү пункттарда вакциналарды сактоо үчүн адистештирилген муздаткыч, 6 айдан 24 айга чейинки курактагы балдар арасындагы туура эмес тамактануулардын алдын алуу үчүн витаминдик-минералдык кошулмалар жана Психикалык ден соолук компоненти үчүн сынамык долбоорго карата компьютердик жана кеңселик жабдуулар сатылып алынды. Облустук төрөт үйлөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын перинаталдык борборлору, Бишкек шаарынын №1, №2 клиникалык төрөт үйлөрү неонаталдык жана бойго жеткендердин дем алуучу аппараттары, ошондой эле Бишкек шаары менен Чүй облусунун ҮМБлары 8 рентгендик, 10 ЭКГ аппараттары өңдүү дарт аныктоочу жабдуулар менен жабдылды.

КР Саламаттык сактоо министрлиги менен Түркия Республикасынын Премьер-министринин аппаратына караштуу Түрк кызматташтык жана координация агенттиги ортосундагы "Бишкек Кыргыз-Түрк достук ооруканасы" долбоору боюнча кызматташуу жөнүндө Долбоордук макулдашууга кол коюлду.

Немец өнүктүрүү банкынын долбоору боюнча кан куюу кызматынын 7 ооруканасына оңдоо иштери өткөрүлүп, медициналык жабдуулар, кан тапшыруунун мобилдүү пункттары, чыгымдалуучу материалдар сатылып алынып, улуттук ыкчам медицина I системасы түзүлүп, кычкылтектик станциялар пайдаланууга берилген.

Албетте, саламаттык сактоо тутумунда көйгөйлөр да жок эмес. Бирок, биз келерки жылы калктын ден соолугунун абалын жакшыртуу үчүн болгон күч-аракеттерди жасайбыз деген ойдобуз.

Жыл соңунда...

# Район үчүн жыл жемиштүү болду



***"Алтын чөйчөк" аталып келген Тогуз-Торо өрөөнүндө акыркы жылдарда ири долбоорлор ишке ашырылып, район республикадагы стратегиялык жактан маанилүү аймакка айланып баратат. Мында өзгөчө баса белгилей кетүүчү нерсе, Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин түздөн-түз демилгеси менен ишке ашырылып жаткан өлкөнүн түштүгү менен түндүгүн бириктирген Жалал-Абад-Балыкчы кан жолунун курулушу район үчүн гана эмес жалпы республиканын экономикалык потенциалын арттырууга өбөлгө түзөрү талашсыз.***

Өтүп бараткан жылда районубузда социалдык-экономикалык милдеттерди ийгиликтүү ишке ашыруу максатында мамлекеттик, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана жергиликтүү коомчулуктардын биргелешкен иш алып баруусу жемиштүү болду.

Натыйжада райондогу көпчүлүк субъектилердин, мекеме жана ишканалардын иштери турукташып, туруктуу өсүү ыргагын камсыз кылышты. Райондун өнөр-жай, айыл чарба тармагында жакшы жетишкендиктерди камсыз кыла алдык. Райондо "Менин кирешелүү чарбам" долбооруна кирген Көк-Ирим жана Каргалык айыл аймактарына айыл кеңеш кызматы, айыл чарба министрлиги менен биргеликте "Күнөскана куруу", "Тамчылатып сугаруу" боюнча иш чаралар жүзөгө ашырылды. Район боюнча 3 кичи күнөскана курулуп, дыйкандар алгачкылардан болуп түшүмүн базарга сатууга жетишти. Ошондой эле фермер-дыйкандар лизинг аркылуу жеңилдетилген шартта техникаларды алышты.



Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия тарабынан пайдаланылбай калган жерлерди кыскартуу, иштетилбей жаткан жогорку зонадагы нымдуу кайрак айдоо аянттарга тооруктарды өткөрүү менен ижарага берүү, райондун айыл аймактарында пайдаланылбай калган айыл чарбасынын айдоо аянттарын жыл сайын тактап туруу боюнча иштелип чыккан сунуштар берилген. Натыйжада пайдаланылбай калган жерлер 620 гектарга кыскартылды.

Кыргыз Республикасынын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинен айыл аймактардагы жеке ветеринардык адистер жасалма жол менен уруктандыруу боюнча теоретикалык жана практикалык жактан окуп келишти. Райондун аймагында малдын асылдуулугун арттыруу максатында Абердин-Ангус, Ала-Тоо жана Швецкий пародалары алып келинген.

Райондун социалдык-экономикалык абалын көтөрүү максатында тышкы жана ички инвестицияларды тартуу боюнча олуттуу иштер жүзөгө ашырылды. Көк-Ирим айыл аймагына 21576,3 миң сомдук, Каргалык айыл аймагына 27587,4 миң сомдук, Сары-Булуң айыл аймагында жалпы 7132,7 миң сомдук, Тогуз-Торо айыл аймагына инвестиция 1918,0 миң сомдук, Атай айыл аймагына жалпы 876,3 миң сомдук инвестиция тартылды.

Курулуш тармагы боюнча иштин көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 2,7 эсеге өсүш берди. Атай айылында жалпы сметалык баасы 34000 миң сомдук 150 орундуу Барктабас атындагы орто мектебинин курулушуна республикалык бюджеттен 3000 миң сом акча каражаты каралган. Арал айылында жалпы сметалык баасы 55267,0 миң сомдук 225 орундуу Бейше атындагы орто мектебинин курулушуна республикалык бюджеттен 7000,0 миң сом акча каражаты каралып мектептин курулуш иштери жүргүзүлүүдө.

Чет-Булак айылында спорт залы, Казарман айылындагы жалпы сметалык баасы 10400,0 миң сомдук бала бакчанын чатыры жабылып, пайдаланууга берилди. Андан башка Кара-Суу айылындагы жалпы сметалык баасы 53700,0 миң сомдук 225 орундуу Т.Сатыбалдиев атындагы орто мектебинин курулушуна 2015-жылга чейин Республикалык бюджеттен 11300,0 миң сом акча каражаты каралып, натыйжада мектептин дубалы көтөрүлүп бүткөрүлдү.

Президентибиздин "2016-жыл Тарых жана маданият жылы" жарлыгына ылайык "Талант тамыры элде, Ыр кесе тартуулайлы элге" аттуу сынагы өткөрүлдү. Ошондой эле мына ушул иш-чаранын алкагында райондун аймагында "Мамлекетти түптөгөн инсандар" аттуу жолугушуу өттү.

Ал эми Тогуз-Торо районунун уюшулгандыгынын 80 жылдыгына Кыргыз мамлекетинин жана райондун тарыхый окуяларын чагылдырган театралдык оюн-зоок, ыр бийлер менен коштолгон "Тогуз-Торо тоолук элдин, таланттардын мекени" аттуу мекеме-ишканалар арасында фестиваль өткөрүлдү. "Тогуз-Торо элинин кылым карыткан издери" деген темада илимий практикалык конференцияга Кыргыз Республикасынын тарыхчы, профессорлор Т.Чоротегин, К.С. Молдокасымов жана башка жергиликтүү интеллигенциянын өкүлдөрү катышышты.

Кыргыз элинин тарыхын , маданиятын, үрп-адат, каада-салтын, кол өнөрчүлүгүн, улуттук музыка дүйнөсүн даңазалоо, улуттар аралык ынтымакты чыңдоо максатында "Керемет жерим Кыргызстан" телефестивалына карата боз үй тигилип, ала-бакан селкинчек, кыз оюндары, тамак-аштын жана кол өнөрчүлүк боюнча көргөзмөсү жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Мындан сырткары райондун талантту өнөрпоздору, уз-чеберлери 2-бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна активдүү катышып келишти.

Жалпысынан быйылкы жыл Тогуз-Торо району боюнча жемиштүү жыл болду. Эми келерки жылда дагы мына ушул иш ыргагынан жазбай, Президентибиз. Жогорку Кеңеш, Өкмөтүбүз тарабынан коюлган милдеттерди аткарууга белсенип иштей бермекчибиз.

Жаңы жылда жалпы элибизге чың ден соолукту, бакубат жашоону каалаймын.

**Тилек ИДИРИСОВ,**
**Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациянын башчысы-акими**

Бермет МАТКЕРИМОВА,
"Кыргыз Туусу"

# «КТ»-ПРЕСС

## Залкар жазуучубузду эскерүү кечеси өттү

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Коммуникация факультетинин кинозалында улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 12-декабрь туулган күнүнө карата «Менин сөзүмдү – менин жаным деп бил» деген режиссер Бекболот Айдаралиев тарткан жаңы тасманын жана кино таануучу Екатерина Лузанованын «Кыргызстандын киноискусствосу» тууралуу окуу китебинин бет ачары болуп өттү.**



Бул – 53 мүнөттүк толук метраждуу даректүү тасмада Чыңгыз Айтматовдун тагдыры жана жазуучунун чыгармачылык калыптануусундагы жолу, 30-жылдары репрессияга кеткен атасынын тагдыры тууралуу Р. Айтматованын эскерүүсү жана жазуучунун изилденбеген тарых баракчалары камтылган.

## Сасык тумоо шай кетирди

**Ушул тапта республикабызда сасык тумоо жана жугуштуу инфекциялык оору тарап турган учуру. Өзгөчө сасык тумоодон 14 жашка чейинки балдар көп жабыркашууда.**

Оорулардардын 60 пайыздан ашыгын балдар түзөт. Өткөн жылдын он айы менен быйылкы жылдын он айын салыштырганда сасык тумоологондор 5,8 пайызга жогору болууда. Октябрь айынан бери респиратордук-вирустук инфекцияга чалдыккандардын саны 18 миң 508 учурду түздү. Өткөн жылдын ушул мезгилинде 11 миң 278 учур катталган эле. Мындай кырдаалдан улам Бишкек шаарындагы бардык мектептер, бала бакчалар 12-декабрга чейин жабылып, республика боюнча көп мектептерде окуу токтоду.

Республикабыздын башкы санитардык врачы А.Буюклановдун айтуусунда кийинки жумада сасык тумоого байланыштуу кырдаал турукташат.



## Жардыргыч зат сатсаң, 50 миң сом айып тартасың



**Экология жана техникалык коопсуздук боюнча маминспекциясы өлкөбүздө жаңы жылдык жардыргыч заттарды сатууга жана колдонууга тыюу салды. Учурда инспекторлор өлкөдөгү бардык ири базарларга, соода түйүндөрүнө, мектептерге, бала бакчаларга барып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, маалымат баракчаларын таратып жатышат.**

Жыл сайын жаңы жылды тосууда пиротехникалык заттарды колдонууда адамдардын, анын ичинде жаш балдардын ден соолугуна зыян келген фактылар көп катталат. Ал эми жардыргыч заттардын кесепетинен өрт чыгып, олчойгон материалдык чыгым алып келген мисалдар да бар. Андыктан тыюу салганга карабай, пайда табуу үчүн пиротехникалык заттарды саткандарга 50 миң сом айып пул салынмакчы.

## Меркель паранжыга тыюу салууну колдоду

**Германиянын канцлери Ангела Меркель мусулман аялдардын кийими деп саналган бетти жана денени толук чүмкөгөн паранжы менен никабды кийүүгө тыюу салууну колдойт.**

Бул тууралуу ал Христиан-демократиялык союз партиясынын съездинде аялдардын коомдук жайларда паранжы кийип жүрүшүнө тыюу салуу демилгесин колдорун биринчи жолу билдирип, "Бул кийим биз үчүн эмес, мындай жабык кийимдерге бардык жерде тыюу салынышы керек", – деп айтты.

Жакында Ангела Меркель Христиан-демократиялык союз партиясынын жетекчиси болуп кайра шайланган. Ал жетектеген партия мектептерде, сот имараттарында жана мамлекеттик мекемелерде паранжы кийип жүрүүгө тыюу салуу боюнча мыйзам долбоорун даярдоодо.



## Чек арадан радиоактивдүү жүк кармалды



**КР мамлекеттик чек ара кызматы кыргыз-казак чек арасындагы "Кайыңды – Темир жол" көзөмөл бекетинен жол берилген нормадан радиациялык көрсөткүчү жогору радиоактивдүү жүк кармалганын кабарлады. Бул жалпы салмагы 37 тонна турган жүк Казакстан аркылуу Кытайдан Кыргызстанга ташылып келе жаткан.**

Чек арачылар радиоактивдүү жүктү андан ары териштирүү үчүн Өзгөчө кырдаалдар министрлигине өткөрүп беришкен.

## Ыйгарымыңды аткарбасаң, эмгек акы албайсың

**Президент Алмазбек Атамбаев "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган мыйзамга кол койду.**

Ага ылайык, эми кылмыш жасагандыгы үчүн кармалган жана камакка же үй камагына алынган учурда парламентарий эмгек акы албайт. Анткени, ал өз ыйгарымдарын аткара албай калат эмеспи.

Буга чейин парламентарийлер узак убакыт бою камакта же үй камагында болсо да ага эмгек акы эсептеле берчү. Эми ал камакка алынган учурдан эмгек акы токтотулат. Кылмыш иши реабилитациялоочу негиздер менен токтотулган же актоо өкүмү чыккан учурда эмгек акы ал убактылуу токтотулган учурдан жүргүзүлмөкчү.

## "Мегакомдун" багы ачылабы?

**"Мегаком" компаниясы төмөндөтүлгөн наркта кайрадан аукционго коюлган. Азырынча аны сатып алууну каалаган кардарлар чыга элек. Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду бир да билдирме түшпөгөнүн маалымдаган. Билдирмелерди кабыл алуунун акыркы күнүнө – 16-декабрга чейин сатып алуучу чыкмагы да белгисиз.**

Албетте, уставдык капиталы 100 млн. 100 миң сом болгон, абоненттик базасы 3 млн. жакын жана 2 398 базалык станциясы, облустарда 7 регионалдык бөлүмү болгон, туруктуу жана кирешелүү иштеп жаткан бул компанияны азыркы коюлган 14 млрд. 455 млн. 250 миң сомго сатып алуучулар табылмак.

Бирок, потенциалдуу сатып алуучу компаниянын 9 сот-тук талаштары жана кылмыш иштери боюнча жооп берүү тобокелчилигинен чоочулап жаткандай.



## Туура намаз окубай, үч жылга соттолду

**Душанбе шаарынын 54 жаштагы жашоочусу Бахтиер Игамбердиев Тажикстанда тыюу салынган "Салафия" кыймылынын катышуучусу катары соттолду. Соттун чечиминде көрсөтүлгөндөй, ал жума намазды «Ходжи Мирали» мечитинде окуп жүргөн. Бирок, мечиттин имам хатиби анын намаз окуганына жана намазга келгендер менен сөздөрүнө көңүл бурган.**

Ошентип ал мамлекеттик коопсуздук кызматына кайрылып, Б.Игамбердиевдин Тажикстанда расмий катарында таанылган ханафит мазхабындагыдай эмес, а салафит катарында кийингенин жана намаз окуганын билдирген.

## Трамп: АКШ башка өлкөлөрдөгү режимдерди кулатуу саясатынан таюуга тийиш

**Келерки жылдын 20-январында АКШнын президентинин кызматына кирише турган Дональд Трамп башка мамлекеттердин ишине кийлигишүү саясатын токтотуу жана терроризм менен күрөшүүгө басым жасоо ниетин билдирди.**

"Биз эзүүгө эч кандай түшүнүккө ээ болбогон режимдерди кулатуу боюнча мелдешти токтотуу зарыл. Терроризм менен күрөшүүгө жана ИГИЛге каршы аракеттенүүгө көңүлдү топтоо керек. Бул максатты бөлүшкөн бардык өлкөлөр АКШ союздаштары болуп саналат", – деди ал.

Трамптын айтуусунда ал президент болгон мезгилде АКШ достукту бекемдейт жана жаңы досторду издемекчи. "Бизди тарых сабактары жана туруктуулукка көмөктөшүүгө каалоо алдыга жылдырат. Интервенциялардан келип чыккан кыйратуучу хаостун цикли аяктоого тийиш", – деп баса белгаледи. Трамп.

